**Математика**
**PISAга багытталган тест**
**8 - класс**

**1-тапшырма.**

Оң жактагы текстти окуп чыгып, тапшырманы аткаргыла.

Самара америка долларын сатып алуудагы анын кыргыз сомуна болгон курсу :

1$ - 83,95 сом экенин билди.

Бул сапары үчүн ага 1250 АКШ долларын сатып алышы керек. Самара канча кыргыз сомун ушундай курс менен алмаштырууга даярдашы керек?

*Тапшырманын жообун атайын белгиленген жерге жазгыла.*

**Жообу:** ______

**Валюта алмаштыруу**

Самара Бишкектен АКШга стажировкага барууга даярданып жатат. Ал кыргыз сомун америкалык долларга ($) алмаштыруу керек.







**2- тапшырма.**

Оң жактагы текстти окуп чыгып, тапшырманы аткаргыла.

Самара валюталарды алмаштыруунун сатуудагы кыргыз сомуна болгон курсу төмөнкүдөй экенин билди:

1 АКШ доллары = 83,5 сом
1 орус рубли = 1,42 сом
1 түрк лирасы = 4,54 сом

Самара валюталардын кайсынысынан кыргыз сомуна алмаштырууда көбүрөөк сом алат?

***Бир туура жоопту тандагыла.***

А) Америка доллары
Б) Орус рубли
В) Түрк лирасы
Г) Салыштырууга болбойт

**Валюта алмаштыруу**

Самарада чет элдик стажировкадан келгенден кийин 140 АКШ доллары, 10400 орус рубли, 3100 түрк лирасы калган.









| **3-тапшырма.** | **Валюта алмаштыруу** |
| --- | --- |
| Оң жактагы текстти окуп чыгып, диаграмманын жардамы менен бир нече туура жообу бар тапшырманы аткаргыла.<br><br>***Бир нече туура жоопторду тандагыла.***<br><br>А) 2017-жылы рублдин курсунун өзгөрүүсү 2015-жылга караганда көбүрөөк болгон.<br>Б) 2015-жылы рублдин курсу эң жогору болгон.<br>В) 2013-жылы рублдин курсу 6 жыл ичинде эң жогорку көрсөткүчкө жетти.<br>Г) 2014-жылдын экинчи жарымында рублдин курсу кескин төмөндөй баштады.<br>Д) 2016-жылдан 2018-жылга чейин рублдин курсу акырындык менен көтөрүлө баштаган. | Улуттук банк 2013-жылдан 2019-жылдын башына карата орус рублинин кыргыз сомго карата курсунун өзгөрүүсүнүн төмөнкү диаграммасын берген.<br><br><br> |